| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №1** **Боо-Терек айылы**

**2023-жылга чейин Күмүштак айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринен ижарага алып ижара акысынын карызы 10 000 сомдон ашкан жарандарды ижара акыларын төлөбой жүргөндүгү үчүн сотко берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринен ижарага алып ижара акыларын төлөбөй жүргөн жарандардын тизмесин карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2023-жылга чейин Күмүштак айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба (АЧМФ) жерлеринен ижарага алып ижара акыларынын карызы 10 000 сомдон ашкан жарандардын тизмеси ижара акыларын төлөбөй жүргөндүгү үчүн Бакай-Ата райондук сотуна берилсин.
2. 2024-жылы айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринен ижарага алып, айдаган жерлерин мөндүр уруп кеткен жарандарга ижара акыларын төлөө боюнча эскертүү берилсин.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №2** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылынын мурунку тургуну Карагулова Насыйкат Кабылбековнанын үй-бүлөсүнө тиешелүү жер үлүшүн бөлүп берүү жана жайгаштыруу жөнүндө**

Боо-Терек айылынын мурунку тургуну Карагулова Насыйкат Кабылбековнанын Күмүштак айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жазган 2025-жылдын 29-январындагы №21 кириш сандуу арызын жана жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгүн, мурунку Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2020-жылдын 07-февралындагы №32 токтомун, "Насыйкат" дыйкан чарба уюштуруу үчүн айдоо-сугат жер үлүшүн жеке менчикке бекитип берүү жөнүндө Талас облусунун прокуратурасынын 2023-жылдын 11-июлундагы №23/170-00-20-8-67-23-00789 сандуу билдирүүсүн, актысын карап чыгып талкуулап жана КР Жер Кодексинин 13-беренесинин 1-бөлүмүнүн, 119-беренесинин 1-бөлүмүн жетекчиликке алып Күмүштак айылдык кеңешинин IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айылынын мурунку тургуну Карагулова Насыйкаттын үй-бүлөсүнө жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүктүн негизинде жер аянтын бөлүп берүү жана жайгаштыруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.

2. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №3** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагына караштуу Кыргызстан айылында жайгашкан байланыш бөлүмүн балансан балансо өткөрүү жөнүндө**

"Кыргыз почтасы" ААКнун Талас райондук филиалынын башкаруучусу Ч.А.Төрөкуловдун 2025-жылдын 5-февралындагы №45 кириш сандуу кайрылуусун карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 9-августундагы №173 Мыйзамын 4-бөлүмүнүн 21, 22 беренелерин жетекчиликке алып Күмүштак айыл аймагынын балансында турган Кыргызстан байланыш бөлүмүнүн имаратын "Кыргыз почтасы" ААКнун Талас райондук филиалынын балансына 2025-жылдын 27-февралынан баштап өткөрүлүп берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү жагы Кумүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №4** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылынын Дрен-1 көчөсүнүн атын өзгөртүү жөнүндө**

Боо-Терек айылынын Дрен-1 көчөсүнүн атын өзгөртүү боюнча Боо-Терек айылынын тургундары С.Мамашевдин 2025-жылдын 3-февралындагы №23 кириш сандуу жана Х.Шаршеналиевдин 2025-жылдын 3-февралындагы №22 кириш сандуу арыздарын карап чыгып талкуулап, көчөнүн жашоочуларынын макулдугун эске алып, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобосунун" 2-пунктуна ылайык, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндөгү" Жобосунун 2-пунктуна ылайык Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылынын Дрен-1 көчөсү "Мамашев Дүйшөн" деп аты өзгөртүлсүн.

3. Көчөнүн атын өзгөртүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга каттоодон өткөрүү боюнча иш аракеттерин жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Көчөгө эскертмелерди жасоо жана орнотуу, жолду оңдоп-түзөө иштери боюнча каржылоо жагы демөөрчүлөргө тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февраль№5** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде каралган акча каражатын бөлүмдөн бөлүмгө, беренеден беренеге жылдырып берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде каралган акча каражатын бөлүмдөн бөлүмгө, беренеден беренеге жылдырып берүү жөнүндө маселени карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, бюджетинде көрсөтүлгөн Турак жай коммуналдык бөлүмүнүн 3111 (имараттар жана курулуштар) беренесинен карагай зым тартууга каралган акча каражаттан 746 962 (жети жүз кырк алты миң тогуз жүз алтымыш эки) сом мамлекеттик кызмат бөлүмүнө 2511 (финансылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар) беренесине Күмүштак муниципалдык ишканасына субсидия катары жылдырылып берилсин.

2. 746 962 (жети жүз кырк алты миң тогуз жүз алтымыш эки) сом 4-кварталга бөлүнүп, ар бир кварталга 186 740 (жүз сексен алты миң жети жүз кырк) сом квартал сайын которулуп берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февраль №6** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Д.Дуйшебаев атындагы орто мектебинин аймагына "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн 16 квадрат метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

"ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын башчысы тарабынан айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жазган 2025-жылдын 24-февралындагы №02-2/314 кириш сандуу кайрылуусун карап чыгып, талкуулап, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын орното турган антеннасы мектептин окуучуларына, эмгек жамаатына жана жергиликтүү тургундарга зыяндуулугун алып келбегендиги тууралуу кагаз түрүндөгү кепилдиги эске алынсын.

2. Мектептин окуучуларына, эмгек жамаатына жана жергиликтүү тургундарга зыяндуулугун алып келбегендиги жөнүндөгү тиешелүү кепилдик иш кагаздары алынгандан кийин "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотууга уруксат берилсин.

3. Боо-Терек айылындагы Д.Дуйшебаев атындагы орто мектебинин түштүк батыш тарабынын бурчуна (мектептин ажааткансынын артына) "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоп, кымбат баада келишим түзүлүп 16 квадрат метр жер тилкеси пайдаланууга бөлүнүп берилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №7** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын орто мөөнөттүү планын бекитүү жөнүндө**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматова тарабынан сунушталган Күмүштак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын 2025-2029-жылдарга карата орто мөөнөттүү планын карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-2029-жылдарга карата Күмүштак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы бекитилсин.
2. Планда камтылган иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага тапшырылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл кеңешинин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 27-февралы №8** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин найлалануунун келечек планын бекитүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайлалануунун келечек планын карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын IV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-2029 жылдарга карата Күмүштак айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин найлалануунун келечек планы бекитилсин.
2. Планда камтылган иш-чарлардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге тапшырылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл кеңешинин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**